КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

27.03.2025 ж. № 21/VII – 3

**Кайыңды шаарында менчигинин түрүнө карабастан коммерциялык жайлардын маалыматтык-жарнамалык курулмаларын жайгаштыруу жана эксплуатациялоо боюнча талаптарга ылайык бирдиктүү дизайн кодун бекитүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 беренесинин 1-бөлүгүнүн, 16 – пунктунун негизинде жана 34,39-беренелеринин негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1. Шаар куруу жана архитектура департаментинин Панфилов райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы тарабынан Кайыңды шаарынын дизайн кодунун схемасынын негизинде иштелип чыккан, менчиктин түрүнө карабастан, коммерциялык жайлардын маалыматтык-жарнамалык курулмаларын жайгаштыруу жана эксплуатациялоо боюнча талаптарга ылайык Кайыңды шаарынын бирдиктүү дизайн коду бекитилсин.
2. Кайыңды шаардык кеңешинин 2023-жылдын 07-июлундагы № 72/XXII-4 токтому күчүн жоготту деп эсептелсин.
3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин жер, турак – жай жана агрардык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **У.Б. Абдрасулов**